## Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2017-жылдын февраль айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде рынокто Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына векселдерин жайгаштыруу боюнча төрт аукцион өткөрүлгөн. Аукциондордо мамлекеттик казына векселдердин (мындан ары – МКВ) жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү 600,0 млн сомду (+17,6 пайыз) түзгөн, ошол эле учурда МКВга карата суроо-талап көлөмү 1,7 млрд сомдо (+26,6 пайыз) калыптанган.

Ошол эле мезгил ичинде 3 айлык векселдердин сатуу көлөмү ай ичинде 42,9 пайызга көбөйүү менен 100,0 млн сомду; 6 айлык векселдер ай ичинде өзгөрбөстөн, 200,0 млн сомду; ал эми 12 айлык МКВлар 11,8 пайызга төмөндөө менен – 300,0 млн сомду түзгөн.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 0,8 пайыздык пунктка төмөндөө менен 4,5 пайызды түзгөн. Мында, 3 айлык векселдердин кирешелүүлүгү 2,0 пайызды (-0,7 п.п.), 6 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү – 3,2 пайызды (-1,1 п.п.) жана 12 айлык векселдердин – 6,1 пайызды (-0,7 п.п.) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде бюджет тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү 8,1 пайызга көбөйүү менен 215,7 млн сом өлчөмүндө түптөлгөн. Отчеттук мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан мурда чыгарылган МКВлардын 363,1 млн сом суммасында (-5,4 пайыз) орду жабылган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырмалуу жүгүртүүдөгү МКВлар көлөмү 4,7 млрд сомго (+9,4 пайыз) чейин көбөйгөн: МКВларга негизги ээлик кылуучулардын – коммерциялык банктардын үлүшү 1,4 пайыздык пунктка, 67,2 пайызга чейин жогорулаган; институционалдык инвесторлордун үлүшү тескерисинче, 1,1 пайыздык пунктка, 32,3 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми юридикалык жактардын-резиденттердин үлүшү 0,3 пайыздык пунктка, 0,5 пайызга чейин төмөндөгөн;

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКВлар менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**



**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралыгы | Орточо салмактанып алынган | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Февраль'2016 | 15,9 | 5,0 | - | 16,3 |
| Март | 14,2 | 5,7 | 12,5 | 15,1 |
| Апрель | 10,7 | 4,3 | 10,7 | 13,7 |
| Май | 12,3 | - | 10,4 | 13,6 |
| Июнь | 10,1 | 3,2 | 9,2 | 12,3 |
| Июль | 7,8 | 2,7 | 6,4 | 10,1 |
| Август | 5,7 | 2,2 | 3,8 | 7,2 |
| Сентябрь | 5,5 | - | 4,2 | 6,4 |
| Октябрь | 5,7 | 2,8 | 4,8 | 6,7 |
| Ноябрь | 5,8 | 3,0 | 4,9 | 7,4 |
| Декабрь | - | - | - | - |
| Январь'2017 | 5,3 | 2,7 | 4,3 | 6,8 |
| Февраль | 4,5 | 2,0 | 3,2 | 6,1 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.03.2016 | 3 142 570,0 | 1 685 144,1 | 53,6% | 1 444 910,9 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 12 515,0 | 0,4% |
| 01.04.2016 | 3 504 320,0 | 2 087 444,1 | 59,6% | 1 404 360,9 | 40,1% | 0,0 | 0,0% | 12 515,0 | 0,4% |
| 01.05.2016 | 3 912 250,0 | 2 417 635,4 | 61,8% | 1 479 554,6 | 37,8% | 0,0 | 0,0% | 15 060,0 | 0,4% |
| 01.06.2016 | 4 546 050,0 | 2 691 604,4 | 59,2% | 1 839 585,6 | 40,5% | 0,0 | 0,0% | 14 860,0 | 0,3% |
| 01.07.2016 | 4 669 410,0 | 2 730 525,0 | 58,5% | 1 914 675,0 | 41,0% | 0,0 | 0,0% | 24 210,0 | 0,5% |
| 01.08.2016 | 4 841 910,0 | 2 966 745,4 | 61,3% | 1 849 194,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 25 970,0 | 0,5% |
| 01.09.2016 | 4 950 910,0 | 3 018 660,4 | 61,0% | 1 891 879,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 40 370,0 | 0,8% |
| 01.10.2016 | 4 818 410,0 | 2 971 010,4 | 61,7% | 1 802 379,6 | 37,4% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.11.2016 | 4 998 910,0 | 3 176 484,1 | 63,5% | 1 777 405,9 | 35,6% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.12.2016 | 4 587 210,0 | 3 055 547,5 | 66,6% | 1 494 642,5 | 32,6% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,8% |
| 01.01.2017 | 4 307 710,0 | 2 835 547,5 | 65,8% | 1 435 142,5 | 33,3% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,9% |
| 01.02.2017 | 4 511 920,0 | 2 947 828,0 | 65,3% | 1 530 072,0 | 33,9% | 0,0 | 0,0% | 34 020,0 | 0,8% |
| 01.03.2017 | 4 713 900,0 | 3 168 404,2 | 67,2% | 1 520 525,8 | 32,3% | 0,0 | 0,0% | 24 970,0 | 0,5% |